Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Сузак району
Кыз-Көл айыл аймагынын
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы
Т.Сатаров көчөсү 26
Эл.почта kyz-kol.gov.kg

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Сузакский район
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
Кыз-Кольского айылного аймака
Индекс 30262588 село Чымчык-Жар
Улица Т.Сатарова 26
Эл.почта kyz-kol.gov.kg

ТОКТОМ

28-июль 2026-жыл **Чымчык-Жар айылы**

Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X сессиясынын

№ 7- токтому

Кара-Булак айылындагы мектепке футбол ойноочу спорт аянтчасын куруу үчүн жер участогун берүү жөнүндө

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Орозалиевдин маалыматтын угуп жана талкуулап, Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин X сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Булак айылындагы №59 А.Молдоисаев атындагы мектепке футбол ойноочу спорт аянтчасын куруу үчүн 2,0га жер тилкеси берилсин.

2. Берилген жер тилкеси футбол ойноочу спорт аянтчасын куруу жана пайдалануу максатында гана пайдаланылсын. Жер тилкесин пайдаланууда Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарынын талаптары сакталсын.

3. Жер тилкесине тиешелүү, жерге жайгаштыруу боюнча жана укук белгилөөчү документтерди тактоо, даярдоо жана белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткөрүү боюнча иштерди жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Орозалиевге жүктөлсүн

4. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдурасуловго жүктөлсүн.

Төрага: **К.Кушбаков**